# Т.СЫДЫКБЕКОВДУН УСТАТЧЫЛЫК ТАЖРЫЙБАСЫНАН

**ТААЛАЙБЕК АСКАР УУЛУ**

Адабият тарыхына назар таштаган кезибизде дүйнөдөгү улуу жазуучулардын бардыгы дээрлик насаатчылыкты өздөрүнүн ишмердигинин эң маанилүү бир бөлүгү катары эсептешкен. «Өңгөсүн коюп «Манасты» айт» дегендей, кечээги совет өкмөтү убагында өмүрүнүн күрдөөлдүү бөлүгүн өткөргөн Максим Горькийдин чыгармачылыгына кайрылсак, ал улуу инсан чыгармачылык менен алектенип, жазуучу болсок деп талпынган жаштардын ага жиберген чыгармаларын эрикпей-талбай окуп, аларга каалоо-тилектерин айтуу менен жооп жазып турган. Мындай мисалдар анда ондоп, жүздөп саналган.

Кыргыз адабиятына келсек насаатчылык, жаштарга акыл-кеңеш, керек болсо чыгармаларына кескин сын айткан учурлар А.Токомбаевде көп кездешет.

Т.Сыдыкбеков да романдары окурмандар жана адабий коомчулук тарабынан жакшы кабыл алынып, атак-даңкка жетип турганда, өзүнөн кийин канат күүлөп келаткан жаш талапкерлердин чыгармачылыгына, кээде замандаш калемдештерине карата да ой пикирлерин айта келген.

Т.Сыдыкбековдун устатчылык ишмердигинин сферасы өтө ке□ири. Мисалы, анын жараткан романдарын окуган жаштар бул залкардан көркөм дүйнө жаратуунун көп сырларын өздөштүрүшкөн. Бул биринчи жагдай. Экинчиден, ал киши өзүнө кайрылган авторлордун, же ар түрдүү редакциялар жиберген чыгармаларды рецензиялап, аларды автордун өзүнө айтып, же газета-журналдарга пикир жарыялоо аркылуу таалимчилик иш жүргүзгөн. Үчүнчү жагдай, көркөм чыгарманы кантип, кандайча жазуу керек, анын коомдук милдети тууралуу түздөн-түз кеңеш берген макалаларды жазган.

Мына ошентип, бул чакан макала жазуучунун насаатчылык ишмердигине арналып, ага биз жогоруда белгилеген үчүнчү жагдай тууралуу сөз кылмакчыбыз. Эмесе, кийинки сөз ошолор тууралуу жүрмөк. Адегенде «Мезгил сабактары» [3] аттуу публицистикалар жана адабий макалалар жыйнагындагы **“Жакшы чыгарма үчүн”** макаласын барактай баштайлы.

Октябрь революциясынан кийин М.Горькийге көп сандаган жаш талапкерлер кайрылып, «Жазууну үйрөтүп, жол-жобосун айтып бербейсизби?», «Сиз кантип жазып калдыңыз эле?» деген сыяктуу суроолорун беришкен. Ушул сыяктуу кайрылуулар А.Токомбаев, Т.Сыдыкбеков ж.б. тажрыйбалуу авторлорго да көп болгон.

Т.Сыдыкбеков «Жакшы чыгарма үчүн» деген макаласында ошол тууралуу кеп салат. Ал тигиндей суроолорго «жазсаң жазуучу болосуң» деген маанайда чолок жооп берип койгон учурлары болгон экен, бирок, ал жаш талапкерди толук ыраазы кыла турган жооп эмес эле. Ушул аталган макаласында ал жогоркудай суроого үстүртөн болсо да, бир мүнөздүү деталды мисалга келтирүү менен жооп айтууга аракеттениптир: «Эгерде жыгаччы колумдагы эмне деп керкисин билбесе, чаап жатканым эмне деп жыгачын тааныбаса, боло алабы, жокпу деп өзү баштаган ишинин бүтөрүнө ишенбесе, анда ал жыгаччы эмес, анын колунан иш да бүтпөйт. Эмнени кантип бүтүрүштү жыгаччы анчейин билбестен ал аны мыкты үйрөнүп, өздөштүрүп анан ишти баштаар. Эмесе жазууга талаптанган жаш талапкер, китеп жазыштан мурда аңгеме, повесть, роман эмне экендигин айра таанып алып жазуучу болоруңа көз жеткире ишенип туруп жазышка кам көр. Жазуучу болуш үчүн жеке үйрөнүү, билүү аз. Ал өткүр шыкты, жан-дил менен берилгендикти, алп эмгекти талап кылат» [3, 402-403-бб.]. Бул кеңеш жазуучулук өнөргө киришүүнүн «а» тамгасы гана. Анын айтылгандардан башка да толгон-токой машакаттары бар экендиги белгилүү. Жогорку жобону Т.Сыдыкбеков дагы мындайча тактап, толуктайт: «…жазуучуда өзү менен кошо төрөлгөн шык (талант) болушу керек. Ал шыкты эмгек курчутат. Шык курчуган сайын жазуучу өз кесибине чексиз берилип, аны мыкты өздөштүрүп, талыкпай иштеп анан ийгиликке жетишет» [3, 403-б.]. Сыдыкбеков жазуучулук кесиптин оорчулугун курбусу Алыкулдун сөзү менен бекемдейт. Ал жакшы ыр жазуунун оордугун «кирпик менен килем сокконго» салыштырыптыр.

Жаш талапкерлердин жүүнү бош китептери басмадан эмнеге чыгып жатат деген суроосуна Т.Сыдыкбеков мындайча сооротуучу жооп бериптир: «Максат - чыныгы көркөмдүк, чыныгы көркөм чыгармаларды жаратуу! Андай болсо, арт жакка бурулбастан, дайым алды жакка кара. Жүүнү бош, начарларга теңелбестен, үлгүлүүгө – жакшыга теңелүүгө ашык» [3, 403-б.]. Дагы мындай дейт: «Албетте, жаңы жазып жүргөн кезде эмне жазсаң да өзүңө жакшы көрүнөт. Жазганыңды тез эле басма жүзүнөн көрүүгө ашыгасың. Бул бир жагынан алганда закондуу иш сыяктуу. Кеп ушул «закондуу иштен» тезирээк кутулуш жөнүндө болуп жатат. Кай бир акын, жазуучулар ашыгып иштөөгө көнүп калышат да, аларга дайым ашыгыштык өнөкөт болуп калат. Эптеп сомдолгон «чыгармаларын» окуучуга

сунуш кылат. Көп учурда өз кемчилигин көрбөйт. Ошон үчүн андай акын-жазуучу чыгармачылык азап эмне экенин сезбейт. Ага жазуудан оңой-олтоң эчтеме жоктой сезилип, өзүнүн «талантына» өзү таңданып, бардык жоопкерчиликти эстен чыгарып коюшу мүмкүн. Албетте, мындай «ийгиликтин» акыры кайгыга алып барат» [3, 494-б.].

Т.Сыдыкбеков кайсы бир жаш акындарга айтылган мындай сындан кийин аларга үлгү катары А.Осмоновдун тажрыйбасын келтирип, аны чыгармачылык «азапты» өтө эрте сезген акындардын бири катары көрсөтөт. М.Элебаевди да жай, шашпай, бирок, майын чыгара иштегендердин тизмесине киргизет.

Т.Сыдыкбеков жакшы китеп деп кандайын түшүнөбүз деген суроого жооп катары айтат: «…китеп окурмандын талабын орундата алса, жүрөгүн толкутуп, көңүлүн көтөрө алса, көптү көргөн акылман сыңары китеп окурмандын ой-пикирин терендетип аны ойлонто алса» [3, 405-б.]. Бул жалпы берилген баа сыяктанганы менен анын подтекстине көп ойлор камтылып турат.

Дагы бир суроо туулат: «Чыгарма кызыктуу жазылууга тийишпи?». Ага жооп: «Кызык деп. биз нак турмуштун өзүн айтабыз. Турмуштан кызык дүнүйөдө эч нерсе жок. Кеп турмуштун кызык жагын тааный билиште!» [3, 405-б.].

Жогоруда аталган макаланын корутундусун устат мындайча чыгарат: «Ал (жазуучу – Т.А.) жеке эле билимин арттырып, тажрыйбасын өстүрүп токтолбостон, жеке эле кишилердин кулк-мүнөзүн, сырын билип чектелбестен, жаратылышты да жакшы байкоого милдеттүү. Ушундан улам жазууну жаңы баштап жүргөн жаш таланттарга эскертээрибиз: зор жүктү көтөргөндөй күчүңдү топто, күчүңө ишен! «Менин талантым чоң, алдыңкы жазуучулар жардам бербегендиктен өспөй жатам» деп айтып, бирин-эки жазгандарың басылбаса ага таарынып, көңүл кайттылык кылба. Жазгандын бардыгы чыга бербейт. Анда анын кемчилиги эмнеде экендигин ойлоо керек» [3, 406-б.].

Т.Сыдыкбеков согуштан кийинки мезгилде таралган конфликтсиздик теориясы, идеалдуу каарман дегендерге каршы күрөшкөндөрдүн бири. Анын жаш жазуучуларга айткан акыл-кеңештеринин дагы бири – турмушту терең үйрөнүп, таануу. Мында анын сырткы көрүнүшүн эмес, ички маани-маңызына кирип, татаал, карама-каршылыктуу кылып сүрөттөө: «Биз – дейт ал, - жеке эле эки кишинин айтышын, өз ара келишпестигин, не көз караштарындагы ажырымды байкоо менен чектелбейбиз. Жаңы менен эскинин кагылышын, андагы карама-каршылыкты туура жана калыс көрүү, күрөшчүл кишилердин мүнөзүндөгү кагылышты, коомдогу өркүндөөнү байкап, ар бир кишинин ички ой-сезимине чейин кылдат баамдап, туура сүрөттөбөсөк, өз замандаштарыбыздын көркөм элесин чыгармабызда туура чагылдыра албайбыз» [3, 407-б.].

Көркөм адабияттын предмети адам, бирок, жазуучу аны курчап турган табият жана айбанаттар, өсүмдүктөр дүйнөсүн да жакшы билүүгө милдеттүү: «Адамдын мүнөзүн, кыял-жоругун үйрөнгөн сыңары жан-жаныбарлардын, айбанаттардын өзүнө таандык кыял-мүнөздөрүн, алардын жашоо-тиричилигин туура көрүш, кандай өсүмдүк кайсындай жерге өнөт, кандай гүл кайсы маалда гүлүн ачат, кайсы канаттуу кандай жерге байыр алып, жылдын кайсыл учурунда балапандарын учурат? Айтор, жер-суунун, өсүмдүктүн, айбанаттын, жан-жаныбардын өзгөчөлүгүн, жашоо-тиричилигин, ар биринин пайдалуулугун, же зыяндуулугун туура көрүп, туура билиш бирден-бир милдетибиз. Ушул жагынан алганда жаштар мындай турсун саамай чачын ак чалган айрым авторлор романдарында кээ бир жан-жаныбардын тиричилигин терс сүрөттөп коюп, кийин зоологдон же агрономдон сын уккан учурлар аз эмес» [3, 409-б.].

Т.Сыдыкбеков турмуштун көлөкө жагын көмүскөдө калтырып, жалаң эле жарык жагын сүрөттөөнү туура эмес деп эсептейт. Эгер кимдир бирөө мүнөзү, жүрүм-туруму терс адамды көрсөтсө, түшүнүгү тайкы сынчылар: «Советтик кишиге ушак. Бизде мындайлар жок» - деген куру кыйкырыктар, китептин авторуна саясий айыптарды тага салуу артыкча жер-жерлерде көбүрөөк өкүм сүрдү» [3, 410-б.].

«Турмуш – татаалдыгы, көп сырдуулугу менен сулуу. Анын сырын ачуу таланттуу сүрөтчүгө да оңойлук менен келе бербейт», - дейт Т.Сыдыкбеков.

Сынчы жаш авторлордон көрөгөч, фантазиясы күчтүү болушун талап кылат. Ал кабинетинде иштеп отурганда да өзү сүрөттөп жаткан окуяны туура элестетип, ар бир каарманды өз-өзүнчө таанууга тийиш. Бул үчүн ал байкагычтыкты, сезгичтикти ойдон чыгарып кошумчалоо менен айкалыштыра алса гана ийгилик жаралат.

Т.Сыдыкбеков көркөм адабияттын таалим-тарбия берүүчүлүк ролун жогору коёт. Бирок, айрым авторлор жалаң гонорар үчүн начар китептерди жазышып, окурмандардын көкүрөгүнө көк таштай тийип жатканын эскертип, мына ошол оорудан жаш авторлорду алыс болууга үндөйт: «Турмуштан

тандап алган чындыкты жазуучунун курч, тунук фантазиясы дагы иргеп-ылгап, ага терең мазмун, бийик идея кошуу менен өңү өчпөс сүрөт, унутулгус мүнөздөрдү, жарык элестерди түзөт» [3, 413-б.].

Жыйынтыктап айтканда, Т.Сыдыкбеков кыргыз адабият тарыхында залкар романчы катары гана таанылбастан, жаштарга өрнөктүү ой-пикирлерин, кеп-кеңештерин айткан  насаатчы, устат катары да таанымал. Устат болуш үчүн ошол адамдын өзү элге алынган, жалпы калайык-калкка таанымал, кадыр-барктуу болууга тийиш. Ушул чен-өлчөмгө Т.Сыдыкбеков толугу менен жооп берет. Анын «Мезгил сабактары», «Табылга», «Бел-белес» аттуу китептеринде устатчылыктын табиятын ачып берген зор маанилүү ойлору арбын  жана келечекте да өз маанисин жоготпойт деген ишеничтебиз[1, 2, 3]. Өзү да кийинки муундагы жазуучуларга үлгү катары кала бермекчи.

**Пайдаланылган адабияттардын тизмеси:**


1. Сыдыкбеков, Т. Бел-белес. –Б.: Акыл, 1996.
2. Сыдыкбеков, Т. Табылга. –Б.: Адабият, 1991.
3. Сыдыкбеков, Т. Мезгил сабактары. –Ф.: Кыргызстан, 1982.